№ 2119-ФХД/23 16.05.2023

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Ош шаары

**БУЙРУК**

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2023-жылдын 4-майындагы № 8 протокол) негизги маселелерде каралган «ОшМУда 2022-жылы аткарылган каржылык-чарбалык, курулуш иштеринин жыйынтыгы жана алардын кийинки жылдарга негизги багыттарын аныктоо» деп аталган № 2 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. Ош мамлекеттик университетинде 2022-жылы жүргүзүлгөн каржылык-чарбалык, курулуш иштери канаттандырарлык деп табылсын.
2. Ош мамлекеттик университетинин базасында курулган имараттарды оңдоп-түзөө иштерин университеттин иш планына ылайык аягына чыгаруу административдик-чарба департаментине жүктөлсүн.
3. Университетке инвестицияларды жана гранттарды тартуу, ошондой эле материалдык каражаттарды алып келе турган долбоорлорду даярдоо жана ишке ашырууну колго алуу факультеттин декандарына, колледждердин директорлоруна жана тиешелүү структуралык бөлүмдөргө жүктөлсүн.
4. КРдин Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 жарлыгынын негизинде университетке өзгөчө статус берилип анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, учурдун талабына ылайык жана жакынкы жылдарда дүйнөдөгү алдыңкы университеттердин (QS) рейтингинде ТОП-800гө кирүүсү, окуу жайын заманбап «Университет 4.0» моделине өзгөртүү максатында уюштуруу структурасын жана штаттык жадыбалдарды оптималдаштыруу, жаңы мыйзамдык талаптарга шайкеш келтирүүнү ишке ашыруу тиешелүү бөлүмдөр, кесиптик кошуун менен биргеликте пландоо-финансылык бөлүмүнө жүктөлсүн.
5. 2023-2024-окуу жылына карата окуутунун кредиттик технологиясын толук кандуу өздөштүрүү максатында окуу жүктөмдөрүнүн ченемдерин кайрадан карап чыгып, долбоорун сунуштоо окуу жана пландоо-финансылык бөлүмдөрүнө жүктөлсүн.
6. Университеттин каражаттарынын үнөмдүү жана максаттуу пайдаланышын камсыз кылуу үчүн көз карандысыз аудит жүргүзүү процедурасын колдонуу боюнча даярдык иштерин уюштуруу пландоо-финансылык бөлүмүнө милдеттендирилсин.
7. Университетти эмгек акы жана стипендия долбоорлору боюнча тейлеп жаткан тиешелүү банктар менен сүйлөшүү жүргүзүп, окуу жайы менен кызматташуусу боюнча (ОшМУнун студенттерин өндүрүштүк практикага акы төлөмсүз кабыл алуу, лабораториялык, практикалык базаларды түзүү, окутуучулардын стажировкасы ж.б.) сунуштарды даярдоо пландоо-финансылык бөлүмү тарабынан аткарылсын.
8. Университеттин бюджетин андан ары көбөйтүү, кирешелердин жаңы кошумча булактарын табуу максатында структуралык бөлүмдөр, факультет, колледждер тарабынан конкреттүү иш-чаралар пландаштырылып, ишке ашырылсын (башка тараптарга кызмат көрсөтүүлөр, ишкана-уюмдар менен биргелешкен проекттер, кеңеш берүү жана окутуу борборлору, буюртма менен эксперименталдык

Документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ... №19-р/21 от ...05.2021

изилдөөлөр, кош диплом проекти аркылуу жакынкы өлкөлөрдөн студенттерди тартуу, бизнес инкубаторлор, стартап долбоорлор ж.б.у.с. иш-чаралар).

**9.** Ош мамлекеттик университетинин 2022-жылдагы финансылык отчеттору кабыл алынсын жана аларды бекитүү жагы ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинен суралсын.

**10.** Бул токтомдун аткарылышын уюштуруу жана координациялоо иштери ОшМУнун инвеститциялар жана өнүктүрүү боюнча проректоруна, жалпы көзөмөлдөө ОшМУнун ректоруна жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун сунушу*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021